| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ | | НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

01-февраль 2023-ж. № 01 Бишкек ш.

**Машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын президиумунун 2021-жылдын 19-ноябрындагы № 24 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 26-январындагы № 024 токтомунун (№1э/к-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңештин 05.23.07-гидротехникалык курулуш (авторефераты боюнча); 05.23.04 – суу менен камсыздоо, канализация, суу ресурстарын коргоонун курулуш системалары (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 06.01.02 - мелиорация, жерлерди калыбына келтирүү жана сактоо (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, техника илимдеринин доктору, доцент Логинов Геннадий Иванович И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу диссертациялык кеңештин курамына киргизилип жаткандыгына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин өзгөчө кырдаалдардагы коопсуздук кафедранын башчысы, техника илимдеринин кандидаты, профессор Ордобаев Бейшембек Сыдыкбекович 05.23.17 – курулуш механикасы (авторефераты боюнча), 05.23.01 - курулуш конструкциялары, имараттар жана курулмалар жана 05.23.05 – курулуш материалдары жана буюмдар (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды карoo укугу менен машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.
3. 05.23.07 - гидротехникалык курулуш; 05.23.04 – суу менен камсыздоо, канализация, суу ресурстарын коргоонун курулуш системалары адистиктери боюнча техника илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын жана 06.01.02 - мелиорация, жерлерди калыбына келтирүү жана сактоо адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар тышкы эксперттик корутундун негизинде экспертизалансын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**